**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги
жыйырма төртүнчү сессиясы

# ТОКТОМ

**Мундуз айылы** **№ 24-1** **21-август 2026-жыл**

**“Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын жана айылдык кеңештин Регламентин негиздеп, татыктуу жарандарды сунуштаган айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 20-августундагы № 17 протоколун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXIV сессиясы токтом кылат:

1. Кызыл-Туу айыл аймагынын социалдык-экономикалык, коомдук-маданий иштерине зор салым кошкон Кызыл-Туу айылдык кеңешинин депутаттары Карачаев Асилбек Кабыловичке, Сулайманкулов Бейшенбек Бакытбековичке, Молдошов Адилет Кубанычовичке, Маматкулова Дамира Маматибраимовнага жана Кызыл-Сенир айылынын тургуну Сагынбаева Караматкан Кавлановнага, Кара-Көл айылынын тургуну Максытова Анарбу Тешебаевнага, Таштак айылынын тургуну Баев Чынтемир Токторалиевичке, Алмалуу-Булак айылынын тургуну Курбаналиев Кыялбек Маданбековичке “Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын.
2. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Р.Джумаевге милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**